***DOI:10.26104/NNTIK.2023.64.70.075***

*Чокоева Д.М.*

## «МАГИЯЛЫК РЕАЛИЗМ» МЕТОДУ МЕНЕН ЖАЗЫЛГАН ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН ИЛИМИЙ ЖАНА КОЛДОНМО АСПЕКТТЕРИ

*Чокоева Д.М.*

## НАУЧНЫЕ И ПРАКТИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ ПРЕПОДАВАНИЯ ПРОИЗВЕДЕНИЙ НАПИСАННЫХ ПО МЕТОДУ «МАГИЧЕСКИЙ РЕАЛИЗМ»

*D. Chokoeva*

## SCIENTIFIC AND PRACTICAL ASPECTS OF TEACHING WORKS WRITTEN ACCORDING TO THE «MAGIC REALISM» METHOD

*УДК: 37.091.39+378.147.091.32*

*Макаланын максаты: магиялык реализм методу менен жазылган чыгармаларды окутууда: "аң-сезимдин магиялык жана мистикалык ландшафтарын" студенттерге түшүндүрүүнүн терең философиясы эмнеде экендигин ачып берүүгө аракет жасалат. Ал үчүн магиялык реализмди пайда кылган коомдук жана философиялык себептерди издөө жана таап чыгуу далалаты жүргүзүлөт. Автордун пикири боюнча магиялык реализмдин жашоого келишинин себеби абдан тереңде, ал адамзат акыл-эсинин ааламдык өнүгүүсү менен тыгыз байланышта келип чыгып, адамдын жашоосу жалаң прагматикалык ой жүгүртүүдөн туруп калышына каршы, адам жашоосунун философиясынын түбүн "такыр кудукка" айлантпоо амалында, мезгилдин талабы менен жашоого келген көркөм метод экендиги талданып, аны окутуунун натыйжасы кандай болмогу жөнүндө ой жүгүртүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *реалдуу, ирреалдуу, фантастикалык жана мистикалык элементтер, коллективдүү аң-сезим, кыялый дүйнө.*

*Цель статьи: в преподавании произведений, написанных методом магического реализма: предпринимается попытка раскрыть глубокую философию объяснения учащимся «магических и мистических ландшафтов сознания». Для этого необходимо искать и открывать те социальные и философские причины, которые породили магический реализм. По мнению автора, причина возникновения магического реализма очень глубока, он возник в тесной связи со всеобщим развитием человеческого разума, вопреки тому, что человеческая жизнь стала и состоит только из прагматического мышления, что в дальнейшем так оставить нельзя. Магический реализм как художественный метод появился в соответствии с потребностями времени, анализируется и обсуждается автором результаты его преподавания.*

***Ключевые слова:*** *реальный, ирреальный, фантастические и мистические элементы, коллективное сознание, воображаемый мир.*

*The purpose of the article: in the teaching of works written by the method of magical realism: an attempt is made to reveal a deep philosophy of explaining to students "magical and mystical landscapes of consciousness." To do this, it is necessary to seek and discover those social and philosophical reasons that gave rise to magical realism. According to the author, the reason for the emergence of magical realism is very deep, it arose in close connection with the general development of the human mind, despite the fact that human life began to consist only of pragmatic thinking, which cannot be left that way in the future. Magic realism, as an artistic method, appeared in accordance with the needs of the time, is analyzed, and the results of his teaching are discussed by the author.*

***Key words:*** *real, surreal, fantastic and mystical elements, collective consciousness, imaginary world.*

Магиялык реализмдин башка көркөм ыкмалардан негизги айырмачылыгы: реалисттик чыгармада реалдуулук менен ирреалдуулуктун жанаша берилиши. Живописттеги сюрреалисттер сыяктуу эле көркөм адабияттагы магиялык реалисттердин сүрөттөөсүндө адамдын реалдуу жашоосу фантастика менен аралаш берилет. Бирок, чыгармада жазуучу тарабынан буга эч кандай түшүндүрмө берилбейт, ошол эле убакта каармандар дагы магиялык элементтердин логикасы боюнча талашып-тартышышпайт. Мисалы, XIX кылымда жашап өткөн орус элинин гениалдуу жазуучусу В.Гогольдун "Мурун" аттуу повестин ала турган болсок: эртең менен туруп эле полковник мурдун өз ордунан таппай калат. Ошол эле убакта, анын мурду генералдын шинелин кийип, анын столунда отурган болот. Элдин баары анын алдына баштары жерге тийгенче бүгүлүп кирип жаткан болот. Автор В.Гоголь бул окуянын чын-жалганы, логикасы боюнча эч кандай түшүнүк бербейт. Адабиятчылар жазуучу цензурадан качып, адамдарга бийликте отурган адамдын инсандык касиети жөнүндө ойлонушпай эле, бийлик болсо болду, баш уруп жүгүнө бергендигин көрсөткүсү келген - дешкен. Эгер ушундай болсо XIX кылымдагы магиялык реализмдин чече турган милдеттери кыйла жеңил болгондугун түшүнүүгө болот. Жана мунун практикалык негизи көз-көрүнөө турат. Негизи, "Мурунда" магиялык реализмдин айрым гана элементтери бар, мисалы, реалдуулук менен фантастикалуулуктун жанаша берилиши (мурун – адамдык органдын бири, ошол эле убакта ал өзүнчө жашап жүргөн штаттык генерал). Сөз болуп жаткан повестте магиялык реализмдин негизги принциби дагы сакталат. Анда болуп жаткан окуялардын логикасы боюнча эч ким талашып-тартышпайт. Бирок, чыныгы магиялык реализмге таандык касиеттер "Мурунда" өнүккөн эмес. Мисалы, магиялык реализмге таандык өзгөчө белгилердин бири: "чыгармада башкы каарман эмес, башкы каармандын инсандыгы аркылуу чагылды-

рылып жаткан элдик коллективдүү аң-сезим маанилүү". Ошондой эле магиялык реализм ыкмасында жазылган көпчүлүк чыгармаларда каармандардын жалпы эс-тутумдарын жана алардын өз ара мамилелерин ачыктаган ички монолог орун алат. Окуялар альтернативалуу көз караштарда берилиши мүмкүн жана баяндоо бир каармандан экинчи, үчүнчү каарманга алмашып өтүп туруусуна жол берилет. Магиялык реализм адабиятынын эң маанилүү ыкмаларынын бири убакыт агымын демейдегидей эмес, ар кандай кылып бурмалап бере бериши болуп саналат. "Убакыт коллапсы" абдан көп жолугат, мисалы, учур чактын, өткөндү кайталоо же өткөндү эскерүү катары берилүүсү. Аң-сезимдин рационалдуулукка жете электеги учурунун көп сүрөттөлүшү. Контрасттык көрүнүштөр, мисалы, себеп менен натыйжанын ордунун алмашып берилиши сыяктуу көрүнүштөр кеңири орун алат. Эң негизгиси, окумуштуулар XX кылымдын орто ченинен баштап калыптана баштаган магиялык реализмдин пайда болуу себептеринин негизгиси катары: учурда дүйнөнүн картинасы ушунчалык тездик менен өзгөрүлүп жаткандыгы, реалдуулуктун татаал жана көп пландуулугуна жооп катары чыккан деген көз карашты кайталашат. Албетте, магиялык реализм көркөм ыкма катары дагы көптөгөн башка көркөм методдордон кездешпеген өзгөчө кубулуштарга ээ. Бирок, негизгилерине токтолуп өттүк. Көркөм адабияттагы магиялык реализмди ар кайсы аспекттерден изилдөөгө алышкан: К.Н. Кислицын [1], Ильина Л.Е. [2], Кузьмина Л.В. [3], Кофман А. [4], Маслова Е.Г. [5], Эдмон Жалу [6], Бонтемпелли [7] (магиялык реализмге: "мезгилдин же убакыттын рухун өзгөртүүчү жаңы миф жаратуучу" катары караган) окумуштуулар негизинен жогорудагыдай көз караштарды сунуштап жана коргоп келатышат. Ушул көз караштардан алганда, улуттук адабиятыбыздын залкары Ч.Айтматовдун "Ак кеме", "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повесттери толугу менен магиялык реализмге жатат деп ишенимдүү айтсак болот. Эки повестте тең каармандардын ички монологу бар, мисалы, Момун абышка менен Орган карыянын өткөндү эскерген ички монологдору. Момун бүтүндөй бир уруунун өткөнү жөнүндө дайым эскерип, ошонун кучагында жашап, небересин ошол өткөндүн руху менен тарбиялап келсе, Орган карыя өлөөр алдында өзүнүн Айым Балык менен кыялый сүйүүсүнүн таттуу эскерүүсүнө батып, ошону менен бактылуу болуп, бул жашоого бекер жаралып, бекер жашабагандыгына канием кылуу менен өлүмгө аң-сезим-дүү түрдө даярданат. Органдан башка дагы эки чоң киши менен бала Кирисктин дагы ар кимисинин өз эскерүүлөрү бар. Булардын эскерүүлөрү айрым жерлерде куюлушуп, бири-бирине өтүп турса, айрым жерлеринде ар кимисинин өзүнүн жеке жашоосу, жекече сезим-туйгулары да орун алат. Бирок, баары бир алардын бир рухтагы адамдар экендиги билинип турат. Алардын эскерүүлөрүнө бир убакта индивидуалдуу жана эс-тутум катары кароого боло тургандыгы, бул чыгармадагы ("Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повести) магиялык реализмдин белгилеринин абдан таасын экендигин көрсөтөт. Бекеринен орус элинин бүгүнкү күндөгү эң модалуу адабиятчысы Евгений Жаринов: "Ч.Айтматовго "Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" повестиндеги өнүккөн магиялык реализми үчүн эле Нобельдик сыйлыкты ыйгарса болоор эле" деген сөздү айткан эмес. Магиялык реализмге таандык белгилердин бири катары жогорудагы окумуштуулар убакыт ченемин жазуучунун каалагандай өзгөртүп пайдалануусу деп жогоруда айтылгандай, сөз болуп жаткан чыгармада жазуучу хронотопко (мезгил менен мейкиндикке) дагы салттуу эмес формада өз алдынчалуу мамиле кылат. Байыркы жана кечээги өткөн чак, учур чак, келер чак жуурулушуп, ортодогу чектери жокко чыгарылып, алардын баары, окуяга катышып жаткан төрт адамдын ар кимисинин ойлорунда, мээлеринде ар башкача болуп кубулуп, бир-бирине өтүп, кубулушуп, жуурулушуп, кайра ажырашып, кайра айкалышып укмуштай формаларда берилет. Мунун себеби, ошол төрт адамдын өзгөчө абалдары менен байланыштуу. Кирисктен башка чоңдордун баары, бир туруп өткөн күндөрүн, реалдуу жашоолорун, аялдарын, алар менен болгон эрди-катындык мамилелерин эстешсе, бир турушуп, Эмрайин бийик адамгерчиликтин маселелери жөнүндөгү философиялык ойго чөксө, Мылгун сөгүнүп-сагынып, табият менен урушуп, анын болгон-бүткөн табияттык кубулуштарын тилдеп, өкүрүп-бакырып, өзүндөгү пенделик сапаттарды бир сыйра көрсөтөт. Аны акыл-эске келтирүү үчүн Эмрайин тарабынан айтылган салмактуу сөздөр, анын ого бетер жинин келтирет. Эмрайин досун дагы болгон ачуу сөздөрү менен тилдейт. Ал эми ушул окуяларга күбө болуп, бирде өзүнө келип, бирде өзүн жоготуп каяктын түбүндө жаткан Кирисктин дагы өз алдынча эскерүүлөрү бар. Ал апасын, карындашын, кошуна кызды, ал экөөнүн ортосундагы өзгөчө мамилени эстейт, апасы жана бүт Ала-Дөбөттүктөр тоонун башына улуу от жагышып, эки көздөрү төрт болуп, жол карап өздөрүн күтүп жаткандыктарын көз алдына келтирет. Кичинекейинен тартып бүгүнкү күнгө чейин жашоосун ойлонуп, ошол убакта ушунчалык бактылуу болгонуна жана ага маани бербегенине таң калат. Апасы өзүн кириптип жатканда, анын сиңдиси менен шыңкылдашып, бир-бирин чымчылашып, Кирисктин атасына окшош экендиги, кызы, Кирискке күйөөгө чыккан кыз аябай бактылуу болот болсо керек деген сөздөрүн жакшы түшүнө албай, "эмне үчүн мен атама окшош болсом эле, мага тийген кыз бактылуу боло бериш керек" деп бүшүркөгөн күндөрүн эстейт. Ала-Дөбөттүктөр эмнегедир "деңизге кетти" деген сөздү колдонуудан коркушкандыгын, анын ордуна "токойго кетти"

деп айтышаарын, Кирискти издеп келген кошуна кыз, ушу айтпай турган сөздү айтып алып, апасынан кагуу жегенин элестетип алып, ага боору ооруп кетет бир кур. Магиялык реализмдеги дагы бир белги: аң-сезимдин рационалдуулукка жеткенге чейинки учурун сүрөттөөгө алуу болсо, жогорудагы ырым-жырымдарга Ала-Дөбөттүктөр, ушунчалык ишеним менен карагандыгын жазуучунун ушунчалык ынтаа менен жазып отургандыгы көрсөтүп турат.

Ал эми "Ак кемеде" болсо, Бугу уруусунун адамдарынын ичинен, өзүн чындап Бугу эненин тукуму катары эсептеген абышканын бар экендиги (байыркы аң-сезимдин калдыгы катары күн кечирип жаткандыгы), анын ошол түшүнүгү, башкалардын көзүнө аны кем баа кылып көрсөтүп жаткандыгын Момун абышканын өзү дегеле түшүнбөгөндүгү, анын чындап эле мезгилдик жактан, башкалар аттап кеткен босогодон аттабай "калып" калгандыгын көрсөтөт. Ошондуктан, аны тегерегиндегилердин бардыгы (кемпири, кызы, күйөө баласы, кошунасы, кыскасы, таятасынын жомогуна айныксыз ишенген небересинен башкалардын баары), өз ордун таап отурганды, жашына жараша каада күткөндү билбеген кемпай катары карашат. Бирок, ушулар жөнүндө Момун өзү дегеле ой жүгүртпөйт. Ага убакыт коротуп отурбайт. Анын кандайдыр бир зарылдыгы бар экендиги ага сезилбейт. Ал чындап эле жаңы замандын прагматикалык философиясын такыр өздөштүрбөгөн бойдон кала бергендиги көрүнөт. Небереси болсо, таятасы Момун абдан жакшы киши экендигин, андан башка эч кимдин билбегендигине ичи сыйрылып ойлонот. Повестте эки дүйнө жанаша жашайт. Кордондогу үч үй-бүлөнүн реалдуу жашоолору жана Момун карыя менен анын небересинин кыялындагы жашоолору...

"Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөттүн" каармандары кыялындагы дүйнөлөрү менен өздөрүн бактылуу сезгенге өлүм алдында туруп да кадимкидей жетише алышса, "Ак кеменин" каармандарына мындай "бакыт" да буйруган эмес. Аны улам бузуп, адамдык асыл сезимдерди каар-заарларын чачып, ууландырып ийе турган адамдар дайыма жандарында. Ал эми "... Ала-Дөбөттөгү" кырдаал такыр башка, ал жердеги адамдардын кыялый бактысына эч ким жолтоо болбойт. Адамгерчилиги ошондой төмөнкү деңгээлдеги адам жок. Мылгун бир учур ачууга алдырганы менен ал дагы Орган менен Эмрайин катары эле Кирисктин жашоосун улантуу үчүн өзүнүн бир ууртам суусунан баш тартат.

Чыңгыз Айтматовдун сөз болуп жаткан эки повестиндеги окуялардын агымы ушундай жана толугу менен экөө тең магиялык реализмге жатат. Студенттерге колдонмо деңгээлиндеги түшүнүктөрдү (Айтматовдун элдик салттардын жактоочусу экендиги эки повесттен тең ачык көрүнүп тургандыгы, салтты энебеген, өкмөттүн жана адамгерчиликтин мыйзамдарын бузмайынча жашай албаган Ороскул сыяктуу зөөкүр менен ага тилектеш өгөй таяне, жаманчылыкка каршы тура албаган Бекей, Сейдакмат, Гүлжамалдардын алсыздыгы) студенттерге жеткирүү менен аяктоо, бүгүнкү күндүн талабынан алганда жеткиликтүү эмес. Бүгүн студент магиялык реализмди пайда болушун шарттаган ("Магический реализм – это ответная реакция современного искусства на новую, стремительно меняющуюся картину мира и сложную многоплановую реальность") доордун кубулуштарын түшүнүүсү жана аталган чыгармалардын прикладдык эле эмес (жогоруда саналып өткөн) академиялык чындыгы, семантикасы боюнча дагы түшүнүк алууга тийиш...

Эгерде, студенттерге окуучуларга ушуну түшүндүрүү ыкмасын таап, сабак өтүүдө колдонууну үйрөтсөк, аны түшүнгөн окуучу билимин турмушта кантип пайдалана алат? Дегеле, бул маселени түшүндүрүү окуучуларга оордук келтирбейби? Белгилүү болгондой каралып жаткан эки повесть тең ортоңку класстарда окутулат эмеспи. Же, студенттин билим кору үчүн гана үйрөтүп коюу жетиштүүбү? Кантсе да университетти бүткөн студент улуттук адабияттагы магиялык реализмдин табиятын жана аны окутуунун ыкмаларынан кабардар болууга тийиш. Себеби, магиялык реализмдин табиятын ачкандардын башында турган, француз адабиятчысы Эдмон Жалу айткандай: "... роль магического реализма заключается в поиске реальности того, что есть в ней странного, непредсказуемого или сказочного, то есть тех моментов, благодаря которым в повседневную жизнь допускаются поэтические, сюрреалистические и даже символические элементы" (Ильина Л.Е.). Демек, мугалим, окуучуларга ирреалдуу дүйнөнү түшүндүрүүгө, анын реалдуу дүйнөдөн айырмасын ажыратып көрсөтүп берүүгө тийиш. Себеби, "аң-сезимдин мистикалык жана магиялык ландшафты", табияттын койнунан алыс жашаган бүгүнкү күндүн балдарына реалдуу дүйнөдөй түшүнүктүү эмес. Мисалы, окуучуга, ал суроо берген же суроо бербеген учурда дагы ойноп жүрүшүп, ата-эне, ага туугандарынын баары душмандан ойрон болгонун билбей калышкан Бала менен Кызды Бугу келип сактап калганы жана ошондон кыргыздын Бугу деген уруусу бутак алгандыгынын чындыгы менен мистикасын айырмалап берүүгө тийишпиз. Аны айырмалап берүү менен ага түшүнүк бербей, ошо боюнча калтырып коюунун пайда-зыяны канчалык? Чындыгында бул экөөнүн пайда-зыянын тара-залап тартууга, же метрлеп, карыштап, же укумдап өлчөмүн көрсөтүү мүмкүн эмес. Адамдарда кыялый жа-шоонун болгону алардын жашоосун тереңдетээрин, жеңилдетээрин, үмүттүү кылаарын, алдыдагы келечегин кызыктуу кылаарын, ошондуктан, адамдарды кы-

ялдануудан айрып, андан адаштырып, прагматик кылып коюунун өзү чоң кылмыш деген эч ким тарабынан айтылбаган, бирок качып кутулууга мүмкүн эмес ачуу чындык жаткандыгын, ушу чыгармалар аркылуу жөлөп-таяп түшүндүрүү дареметин студенттерде өстүрүү максат болушу керек. Ал үчүн магиялык реализм реалисттик сүрөттөөдөн качуунун жыйынтыгы эмес экендигин түшүнүү жана түшүндүрүү зарыл. Ч.Айтматовдун магиялык реализми Куба жазуучусу Алехо Карпантьердин “керемет реалдуулугуна” (“чудесная реальность”) жакын. Анын “... Ала-Дөбөтүндөгү” каармандары кысталыш учурда дагы бакытты сезе алгандыктары эмне деген керемет. Буга жетиш үчүн нивк эли кылымдардан-кылымдарга өздөрүнүн руханий өнүгүүлөрүнүн үстүнөн иштеп келишкен жана ал бузулбаган тейде Ч.Айтматов сүрөттөгөн каармандардын жашоосунан көрүнөт. Ал эми “Ак кемеде” болсо, салттуу ой жүгүртүүнүн арасына эмне деген бузук идеялардын баары кирип алгандыгын автор жогоруда саналып өткөндөй, повесттеги Момун, Бала жана Кулубектен башка каармандардын жан-дүйнө абалдары аркылуу көрсөтөт.

**Корутунду:**

• Жогорудагы келтирилген мисалдардан, фактылардан, окумуштуулардын магиялык реализм боюнча ой жүгүртүүлөрүнөн улам, магиялык реализм методу менен жазылган чыгармалардын философиясын студенттерге жеткирүү үчүн окутуунун атайын ыкмаларын иштеп чыгуу зарыл деген корутундуга келдик.

• Магиялык реализмди пайда кылган тарыхый зарылдыктын терең философиясын келечек муунга жеткирүү үчүн педагогдор көркөм адабиятты окутуунун илим менен айкалышкан методдорун иштеп чыгууну жолго коюу зарыл. Анткени, магиялык реализмде келечек муундун жан-дүйнөсүн техникалык доордун кесепеттеринен сактап калуунун философиясы катылган деген ойду сунуштайбыз.

**Адабияттар:**

1. Кислицын К.Н. Магический реализм. Статья//Журнал: Знание. Понимание. Умение. 2011, №1, 274-277. / Интернет ресурс: Cyberleninka.ru
2. Ильина Л.Е. Магический реализм как отличительная особенность латиноамериканской литературы. / Интернет-ресурс: elil.osu.ru
3. Кузьмина Л.В. Магический реализм в творчестве фламандских писателей. Квалификационная работа под руководством проф. Михайлова И.М. / Интернет ресурс: nttps:// dcpace. spbu.ru
4. Кофман А.Ф. «Истоки магического реализма в латиноамериканской литературе» Статья. 2014. / Научный журнал «Латынская Америка», 2015. / Интернет-ресурс: https://naykarus.com.
5. Эдмон Жалу, Золотой топор. Сборник мистических рассказов. 49-б., 2019. / Интер.-ресурс: topliba.com\authors/133448
6. Бонтемпелли Массимо. По трапам магического реализма Литературоведение/История литературы 2016, Литературоведение. / История литературы 2016. / Интернет-ресурс: http://-www.litbloq.info
7. Чокоева Д.М. Бытие и волшебство. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 2. С. 254-25.